**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

13.01.2023 № 19

Бишкек ш.
г.Бишкек

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнунда чыккан № 307-VII – токтомун ишке ашыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 16-июнунда чыккан “2021-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасы тууралуу” № 307-VII – токтомун ишке ашырууда, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү пункттарын аткаруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Баардык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине (Улуттук борборлордун, Республикалык, шаардык, областтык бириктирилген ооруканалардын, шаардык, областтык жана райондук ҮМБнун, АОдын, ЖДПБдун):

1.1. - токтомдун саламаттык сактоо министрлигине тиешелүү сунуштамалардын аткарылуусун, кызматтардын тиешелүүлүгүнө жараша көзөмөлгө алынсын;

1.2. - медициналык мекемелерде мамлекеттик программалардын алкагында бекер берилүүчү дары-дармектер үчүн төлөм алуу фактыларын болтурбоо иштери катуу жана тыкыр көзөмөлгө алынсын.

2. Республикалык ден-соолукту чыңдоо борборунун директоруна (Н.А.Алтымышева): - маалыматтык-агартуучулук иш-чаралардын, өспүрүмдөрдүн арасында социалдык саламаттык жана АИДВнун алдын алуу жөнүндө маалыматтарды мамлекеттик тилде калк арасында туруктуу негизде жүргүзүлүүсү колго алынсын жана көзөмөлдөнсүн.

3. Республикалык кан аркылуу жугуучу жана АИВди көзөмөлдөө борборунун директоруна (У.Ж.Чокморова): - АИВ жугузуп

алган жарандар жөнүндөгү маалыматтын тарап кетишине жол бербөө боюнча иш-чаралардын жүргүзүлүүсү колго алынсын жана тыкыр көзөмөлгө алынсын.

4. Республикалык психиатрия жана наркология борборунун директоруна (Р.Б.Токубаев), Чүй (Б.К.Мамытова), Ош (Ш.Т.Абдрахманов), Нарын (Ч.Н.Нарынбеков), Ысык-Көл (М.Б.Кыдырбаева), Жалал-Абад (З.Ч.Орунбаева), Талас (А.Э.Шамбетова), Баткен (А.К.Борубеков) областтарынын саламаттык сактоо координаторлоруна: - Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча 2018-2030 – жылдарга карата программанын аткарылуусун көзөмөлгө алынсын.

5. Ушул буйруктун аткарылуусун көзөмөлдөө министрдин орун басары У.А.Садыковго жүктөлсүн.

**Министр** **Г.М.Баатырова**